| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ШУМКАР-УЯ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ШУМКАР-УЯ** |

2024-жылдын 12-апрели Сасык-Булак айылы

# ТОКТОМ
# №5

**“ Шумкар-Уя айыл аймагынын жергиликтүү бюджетиндеги эркин каражаттарын бөлүштүрүү” жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексинин 51-беренесин, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” жөнүндө Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Шумкар-Уя айылдык кеңешинин I чакырылышынын IV- сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Шумкар-Уя айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин эркин каражаты бөлүгүнүн эсебинен жалпы 127 340 849 (жүз жыйырма жети миллион үч жүз кырк миң сегиз жүз кырк тогуз) сом акча каражаты төмөндөгү тиешелүү жарандарга жана аймактагы мекемелерге көрсөтүлгөн максаттарда бөлүнүп берилсин.

2. Акча каражаты Шумкар-Уя айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинде отургузулуп, чагылдырылсын.

3. Шумкар-Уя айыл аймагындагы “Жакып Молдосан” атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемесине балдарды тамак-аш менен камсыздоо максатында 473 020 (төрт жүз жетимиш үч миң) сом.

4. Шумкар-Уя айыл аймагындагы “Жакып Молдосан” атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемесине скамейка, таштанды чакалар, үйлөмө бассейн, душ ванна, камыр ачытуучу аппарат, жуулган кирлерди кургатуучу аппарат, идиш жуучу автомат машина, бир тапчан, балдарга боз үй алуу үчүн 440 000 (төрт жүз кырк миң) сом.

5. Шумкар-Уя айыл аймагындагы “Кошойбек ата” атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемесине балдарды тамак-аш менен камсыздоо максатында 723 800 (жети жүз жыйырма үч миң сегиз жүз) сом.

6. Шумкар-Уя айыл аймагындагы төмөнкү ирригациялык каналдарын ремонтто максатында 50 000 000 (элүү миллион) сом;
   1. “Жар-Таш” каналы р. Чоң-Чычкан
   2. “Ажыкан” каналы р. Бала-Чычкан
   3. “Ормош” каналы р. Бала-Чычкан
   4. “Көк2” каналы р. Үч-Кошой

5. “Көк1” каналы р. Үч-Кошой
6. Жыландуу-Колот Кеңеш айылы

7. Шумкар-Уя айыл аймагындагы айыл өкмөтүнө таш майдалоочу завод (дробилка) сатып алуу максатында 30 000 000 (отуз миллион) сом.

8. Жаш балдар арасындагы рэкетчиликти жана зордук-зомбулукту жоюу максатында мектеп окуучуларга атайын тартылган кино тасма көрсөтүү үчүн 36 000 (отуз алты миң) сом.

9. “Калыстык МТС” муниципалдык ишканасына чөп чабуучу комбайн, жатка сатып алуу максатында 17 000 000 (он жети миллион) сом.

10. Шумкар-Уя айыл өкмөтүндө 2024-жылдын жаз айларынан баштап, 12 ички арыкта “Калыстык МТС” муниципалдык ишканасы механикалык тазалоо иштерин жүргүзүү иштерине күйүүчү май жана башка материалдарын алуу максатында “Калыстык МТС” муниципалдык ишканасына 6 000 000 (алты миллион) сом.

11. Шумкар-Уя айыл өкмөтүндө 2024-жылдын жаз айларынан баштап жер айдоо иштерин жүргүзүп жаткандыгына байланыштуу техникаларга ар кандай тетиктерин алуу максатында “Калыстык МТС” муниципалдык ишканасына 2 000 000 (эки миллион) сом

12. Тракторго жүгөрү себүүчү шайман алуу максатында “Калыстык МТС” муниципалдык ишканасына 1 200 000 (бир миллион эки жүз миң) сом.

13. Шумкар-уя айыл аймагындагы жаңы конуштарга жарыктандыруу орнотуу үчүн түзүлгөн сметасынын негизинде алына турган материалдарды сатып алууга жергиликтүү бюджеттен 10 248 742 (он миллион эки жүз кырк сегиз миң жети жүз кырк эки) сом.

14. Шумкар-Уя аймагында Эс алуу жайын, парк куруу долбоорун ишке ашыруу максатында жер участогун сатып алуу үчүн 5 000 000 (беш миллион) сом.

15. Кара-Ой айылындагы Б.Чойбеков атындагы музейге керектүү эмеректерди алууга, Манас театрынын филиалын ачууга жана Шумкар-Уя айыл аймагынын жаш муундарына маданият тармагы жагынан окуп, аларга үйрөтүү үчүн 800 000 (сегиз жүз миң) сом.

16. Талас райондук айыл чарбасын өнүктүрүү департаментинен берилип, дыйкандардын арпа үрөөнүнүн сапатын жакшыртуу максатында Шумкар-Уя айыл аймагындагы муниципалдык менчик кампада турган 8000 кг арпа үрөнүнүн төлөмү үчүн 250 560 (эки жүз элүү миң беш жүз алтымыш) сом.

17. А.Бөрүбаев, Жумагул уулу Алымкул, Г.Орозалиева жана Хан-Бүргө атындагы мектептерине 2023-2024-окуу жылында мектеп (электронная школа) проектиси менен иштеп баштаганына байланыштуу, айыл аймагынын 6 мектебине жана 2 бала-бакчага усулканага ноутбук алуу үчүн 500 000 (беш жүз миң) сом.

18. Кара-Ой айылынын тургуну Аппасова Б.А. жолдошу Дүйшөналиев Майрамбек Кулжалиевич “Острый инфаркт миокарда нижней, задней стенки левого желудка” диагнозу менен ооруп калгандыгына байланыштуу, Бишкек шаарына дарылануугa баруу үчүн жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом

19. Сасык-Булак айылынын тургуну Ашыралиева Сабира бөйрөк алмаштырууга донор жок болгондуктан жана Турция мамлекетине барып бөйрөк алмаштырууга акча каражат жетишсиздигинен жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом.

20. Шумкар-Уя айыл аймагынын Чоң-Токой айылынын тургуну Момоконов Медетбектин жүрөгүнө операция жасатуу үчүн 2500 АКШ доллар акча каражатына муктаж болгондугуна байланыштуу жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом.

21. Шумкар-Уя айыл аймагынын Сасык-Булак айылынын тургуну Бакаев Бактыгул Турдаалиевич табарсык илдетине чалдыгып, эки жолу операция жасаткан. Дарыгерлердин көзөмөлүндө тургандыктан дарылануугa жардам катары 100 000 (жүз миң ) сом.

22. Шумкар-уя айыл аймагынын Сасык-Булак айылынын тургуну Манатбек уулу Өмүржандын атасы Сыдыгалиев Манатбек 2023-жылдын 22-ноябрь айында жыгылып, жамбаш сөөгүн сындырып алган, операция жасалып, протез алмаштырууга жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом.

23. Шумкар-уя айыл аймагынын Сасык-булак айылынын тургуну Райымкулов Абдылдабектин небереси Абдылдабеков Амиракулаалы Аскарович рак оорусуна чалдыгып, 2023-жылдын май айында операция жасалып, операциядан кийин химия алып ушул күнгө чейин кыйналып келет. Дарылоого мүмкүнчүлүгү жетпей калгандыгына байланыштуу, жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом.

24. Шумкар-Уя айыл аймагынын Кеңеш айылынын тургуну Орозбек уулу Саламаткелди атасы Рыскелдиев Орозбек жүрөгү ооруп Республиканский кардиологияга комага түшүп калган. “КБС, стенокардия напряжения ФКШ Постинфарктный кардисклероз, атеросклероз аарты каронарных и мозговых артерий” диагнозу менен ооруп, дарылануугa жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом.

25. Сасык-Булак айылынын тургуну Ч.Аманованын уулу Орденов Нургелди Эсенбекович 2018-жылдан бери эпилепция оорусуна чалдыгып, Бишкек шаарындагы НЦОМиД ооруканага 6 ай сайын жатып дарыланып келет. Мындан тышкары көзүнөн операция болгон. Көзүнүн көрүүсү начар. Диагнозу птоз. Экинчи операция 17 жашка толгондо жасалат. Дарылоого мүмкүнчүлүгү жетпей калгандыгына байланыштуу , жардам катары 50 000 (элүү миң) сом.

26. Шумкар-Уя айыл аймагынын А.Бөрүбаев орто мектебинин 1-4-класстары үчүн берилүүчү ысык тамагына 2023-2024-окуу жылына карата 2024-жылдын I-II-III-IV-V айлары үчүн 204 038 (эки жүз төрт миң отуз сегиз) сом.

27. Шумкар-уя айыл аймагынын Жумагул уулу Алымкул орто мектебинин 1-4-классстары үчүн берилүүчү ысык тамагына 2023-2024-окуу жылына карата 2024-жылдын I-II-III-IV-V айлары үчүн 141 904 (жүз кырк бир миң тогуз жүз төрт) сом.

28. Шумкар-уя айыл аймагынын Г.Орозалиева орто мектебинин 1-4-класстары үчүн берилүүчү ысык тамагына 2023-2024-окуу жылына карата 2024-жылдын I-II-III-IV-V айлары үчүн 63 059 (алтымыш үч миң элүү тогуз) сом.

29. Шумкар-уя айыл аймагынын Хан-Бүргө орто мектебинин 1-4-класстары үчүн берилүүчү ысык тамагына 2023-2024-окуу жылына карата 2024-жылдын I-II-III-IV-V айлары үчүн 59 726 (элүү тогуз миң жети жүз жыйырма алты) сом.

30. Кара-Ой айылынын тургуну Куттубаев Шумкарбектин жубайы Шалибекова Баян көп убакыттан бери Бишкек шаарындагы Улуттук госпиталда “Геморрагический инсульт, Субарохнаидально-внутрижелудочковое кровоизляние со вторичной ишемией в бассейнах передних, задних мозговых сосудов с тетраплегией. КБС ишемическая кардиомиопатия. Гипертоническая болезнь 3 ст. ОВР” диагнозу менен ооруканада жатып, дарыгерлердин көзөмөлүндө тургандыктан дарылануута жардам катары 150 000 (жүз элүү мин) сом.

31. Шумкар-Уя айыл аймагынын Талды-Булак айылындагы Грек-Рим күрөшү боюнча спорт чебери маркум Б.Токтоболотовдун атынан ачылган спорт клубуна жаңы спорттук эмеректерди алууга жана имаратты капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн 1 000 000 (бир миллион) сом.

32. Токтом кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

33. Токтомду аткаруу жагы Шумкар-Уя айыл аймагынын өкмөт башчысы Б.Кыдыралиевге милдеттендирилсин.

34. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А.Борукеев**